КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ, ЭКОЛОГИИ И ТЕХНИЧЕСКОГО НАДЗОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

23-сентябрь 2025-ж.
№ 01-01/306

г. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин 2018-жылдын 12-майындагы № 01-7/239 "Өнөр жай коопсуздугу жаатында уюмдардын адистерин даярдоо жана аттестациялоо боюнча ишти уюштуруу жөнүндө Жобону" жана "Өнөр жай коопсуздугу жаатында уюмдардын кызматкерлерин окутууну жана алардын билимин текшерүүнү уюштуруу жөнүндө Жобону" бекитүү тууралуу буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 Жарлыгы менен бекитилген 2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-апрелиндеги № 9 Жарлыгы менен бекитилген 2024–2028-жылдарга Кыргыз Республикасын санариптик трансформациялоо боюнча Концепцияны ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, жана 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченемдик-укуктук жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу аткаруу органдарына берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомун жетекчиликке алып,

## БУЙРУК КЫЛАМ:

1. Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин 2018-жылдын 12-майындагы № 01-7/239 буйругу менен бекитилген "Өнөр жай коопсуздугу жаатында уюмдардын адистерин даярдоо жана аттестациялоо боюнча ишти уюштуруу жөнүндө Жобого" жана "Өнөр жай коопсуздугу жаатында уюмдардын кызматкерлерин окутууну жана алардын билимин текшерүүнү уюштуруу жөнүндө Жобого" төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

Жогоруда аталган буйрук менен бекитилген "Өнөр жай коопсуздугу жаатында уюмдардын адистерин даярдоо жана аттестациялоо боюнча ишти уюштуруу жөнүндө Жобого" төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 4-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын: "Ыйгарым укуктуу контролдоочу орган түзгөн аттестациялык комиссияларда билимин текшерүү электрондук тестирлөө форматында жүргүзүлөт.";

- 19-пункттагы "жазуу түрүндө, же билеттер боюнча оозэки түрдө" деген сөздөр "электрондук форматта" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы 20-29-пункттар менен толукталсын:

"20. Аттестацияны өткөрүү үчүн тесттик суроолор ыйгарым укуктуу контролдоочу орган тарабынан иштелип чыгат.

21. Тесттик суроолордун базасын өзгөртүү, толуктоо жана жаңылоо ыйгарым укуктуу контролдоочу орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

22. Электрондук тестирлөө ыйгарым укуктуу контролдоочу орган тарабынан атайын жабдылган жайда жүргүзүлөт. Тестирлөө компьютерлерди колдонуу менен жүргүзүлөт.

23. Ыйгарым укуктуу контролдоочу орган тестирлөөгө түшкөн арыздардын негизинде тесттин өткөрүү күнүн аныктайт, аттестациялануучу катышуучуларды каттайт, жыйынтыктарды иштеп чыгып, тиешелүү протоколдор менен тариздөөнү камсыздайт.

24. Аттестациялануучу катышуучуларды каттоо "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу алынган маалыматтардын негизинде жүргүзүлөт. Эгерде мындай маалыматтар жок болсо, катышуучу паспортун же инсандыгын тастыктаган башка документин көрсөтөт.

25. Катышуучу тестирлөө эрежелерин бузган учурда (залдан чыгуу, башка катышуучулар менен сүйлөшүү, фотоаппарат колдонуу, экранды сүрөткө тартуу, жумуш ордунда бөтөн нерселердин болушу, күйгүзүлгөн уюлдук телефондор ж.б.) тестирлөөгө катышуудан четтетилет жана бул тууралуу тиешелүү протокол түзүлөт.

26. Ыйгарым укуктуу контролдоочу орган билимине коюлган квалификациялык талаптарга жооп бербеген же жалган маалымат берген адамдарды тестирлөөгө киргизбөөгө, ошондой эле эрежелер бузулган учурда тестирлөөнүн жыйынтыктарын жокко чыгарууга укуктуу.

27. Жүйөлүү себептер менен, бирок 15 мүнөттөн ашпаган мөөнөттө тестирлөөгө кечиккен катышуучулар ыйгарым укуктуу контролдоочу органдын аттестациялык комиссиясынын чечими менен тесттик тапшырмаларды аткарууга киргизилиши мүмкүн.

28. Компьютердик тестирлөөнүн ачыктыгын жана объективдүүлүгүн камсыздоо максатында ыйгарым укуктуу контролдоочу органдын атайын жабдылган имаратында видеобайкоо жүргүзүлөт.

29. Электрондук тестирлөөдө өтүү баллы туура жооптордун 60 пайызынан кем эмес деңгээлде белгиленет.".

2. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөн соң күчүнө кирет.

3. Өнөр жай коопсуздугун жөнгө салуу башкармалыгы:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ушул буйрукту расмий жарыялоо боюнча зарыл чаралар көрүлсүн;

2) ушул буйруктун көчүрмөсү расмий жарыяланган күндөн тартып үч иш күнүнүн ичинде Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.

3) ушул буйруктун көчүрмөсү ал күчүнө кирген күндөн тартып үч иш күнүнүн ичинде маалымкат иретинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтүлсүн.

---

**О внесении изменений в приказ Государственного комитета промышленности, энергетики и недропользования Кыргызской Республики «Об утверждении «Положения об организации работы по подготовке и аттестации специалистов организаций в области промышленной безопасности» и «Положения об организации обучения и проверки знаний рабочих организаций в области промышленной безопасности» от 12 мая 2018 года № 01-7/239**

В целях реализации государственной стратегии по противодействию коррупции в Кыргызской Республике на 2025-2030 годы, утвержденного Указом Президента Кыргызской Республики от 5 июня 2024 года № 137, Концепции цифровой трансформации Кыргызской Республики на 2024-2028 годы, утвержденного Указом Президента Кыргызской Республики от 5 апреля 2024 года № 9, в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики», руководствуясь постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115,

**ПРИКАЗЫВАЮ:**

1. Внести в приказ Государственного комитета промышленности, энергетики и недропользования Кыргызской Республики «Об утверждении «Положения об организации работы по подготовке и аттестации специалистов организаций в области промышленной безопасности» и «Положения об организации обучения и проверки знаний рабочих организаций в области промышленной безопасности» от 12 мая 2018 года № 01-7/239 следующие изменения:

в Положении об организации работы по подготовке и аттестации специалистов организаций в области промышленной безопасности, утвержденном вышеуказанным приказом:

- пункт 4 дополнить абзацем третьим следующего содержания:

«Проверка знаний в аттестационных комиссиях уполномоченного контролирующего органа проводится в формате электронного тестирования»;

- в пункте 19 слова «в письменном или устном порядке по билетам» заменить словами «в электронном формате»;

- дополнить пунктами 20-29 следующего содержания:

«20. Вопросы для проведения аттестации разрабатываются уполномоченным контролирующим органом.

21. Изменение, дополнение или обновление базы тестовых вопросов осуществляются уполномоченным контролирующим органом.

22. Электронное тестирование проводится уполномоченным контролирующим органом в специально оборудованном помещении уполномоченного контролирующего органа. Тестирование проводится с использованием компьютеров.

23. Уполномоченный контролирующий орган определяет дату тестирования на основании поступающих заявок, проводит регистрацию аттестуемых участников, обработку и оформление результатов с составлением протоколов.

24. Регистрация аттестуемых участников проводится на основании данных, полученных через систему межведомственного электронного взаимодействия «Түндүк». Если такие данные недоступны, участник предъявляет паспорт или другой документ, удостоверяющий личность.

25. В случае нарушения участником правил тестирования (выход из зала, общение с другими участниками, наличие фотоаппарата, фотографирование экрана, наличие посторонних предметов на рабочем месте, включенные мобильные телефоны и др.), он отстраняется от участия в тестировании с составлением соответствующего протокола.

26. Уполномоченный контролирующий орган имеет право не допускать к тестированию лиц, не соответствующих квалификационным требованиям по образованию, представивших ложные сведения, а также аннулировать результаты тестирования в случае нарушения правил тестирования.

27. Опоздавшие на тестирование (по уважительной причине, но не более чем на 15 минут) участники могут быть допущены к выполнению тестовых заданий по решению аттестационной комиссии уполномоченного контролирующего органа.

28. В целях обеспечения прозрачности и объективности проведения компьютерного тестирования в специально оборудованном помещении уполномоченного контролирующего органа ведется видеонаблюдение.

29. Проходной балл в рамках электронного тестирования устанавливается на уровне не менее 60 процентов правильных ответов.».

2. Настоящий приказ вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

3. Управлению регулирования промышленной безопасности:

1) в соответствии с законодательском Кыргызской Республики принять меры по официальному опубликованию настоящего приказа;

2) копию настоящего приказа, в течение трех рабочих дней со дня его официального опубликования, направить в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

3) копию настоящего приказа, в течение трех рабочих дней со дня его вступления в силу, направить в адрес Администрации Президента Кыргызской Республики для информации.

**Вр.и.о. министра** **Б. Дж. Джусупбеков**